**Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын чечимдерин өзгөртүү жөнүндө**

**ЧЕЧИМИ №59**

**Базар-Коргон шаары** **“11” 05 2021-ж.**

**“Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 03-майындагы №56 чечимин жокко чыгаруу жөнүндө”**

Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 03-майында Арстанбап айылындагы №1 Арстанбап шайлоо округунундагы №2157 Арстанбап, №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округундагы №2158 Ю.Исламов шайлоо участкаларында кайрадан добуш берүү чечимин чыгарган. Арстанбап айыл тургундарынын, шайлоочулардын, айылдык кеңешке талапкерлердин, айыл аксакалдарынын 2021-жылдын 8-майында Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбодук шайлоо комиссиясына кайрылуулар түшкөн. Бул арызда Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 03-майындагы №2157 жана №2158 шайлоо участкаларынын кайра добуш берүү чечимин жокко чыгарып берүүнү 2021-жылдын 11-апрелинде өткөн шайлоонун жыйынтыгын таанып күчүндө калтырууну суранган.

Жогорудагылардын негизинде Арстанбап айылынын аксакалдарынын, тургундарынын, Арстанбап айылдык кеңешке талапкерлердин жана шайлоочулардын кайрылууларын эске алуу менен Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Арстанбап айылдык кеңешинин №1 Арстанбап жана №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округтарындагы депутаттарды шайлоодо №2157 Арстанбап жана №2158 Ю.Исламов шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгарган Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын №44 чечими жокко чыгарылсын.
2. Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 03-майындагы №56 чечими жокко чыгарылсын.
3. 2021-жылдын 11-апрелиндеги №1 Арстанбап шайлоо округундагы №2157 Арстанбап, №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округундагы №2158 Ю.Исламов шайлоо участкаларынын добуш берүү жыйынтыктары жана протоколдору бекитилсин жана күчүндө калтырылсын.
4. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.
5. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаровко милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон аймактык**
**шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Н.Мадумаров**

**Катчысы:** **Э.Жумабаева**